***DOI:10.26104/NNTIK.2023.26.70.039***

***Жолдошов М.А.***

# ӨНҮККӨН УКУКТУК АҢ-СЕЗИМ ЖАРАНДЫК КООМДУН МАҢЫЗДУУ БЕЛГИСИ КАТАРЫ

***Жолдошов М.А.***

# РАЗВИТОЕ ПРАВОСОЗНАНИЕ КАК СУЩНОСТНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ГРАЖДАНСКОГО ОБЩЕСТВА

***M. Joldoshov***

# DEVELOPED LEGAL AWARENESS AS AN ESSENTIAL CHARACTERISTIC OF CIVIL SOCIETY

*УДК: 340.5:347.471*

*Макалада жарандык коомду куруу татаал процесстердин бири катары каралат. Автор тарабынан жарандык коомду калыптандыруунун негизги белгилеринин бири болуп саналган укуктук аң-сезимдин жогорку деңгээлине басым жасаган. Андан сырткары, жарандык коомдогу инсандын орду, анын чөйрө менен өз ара мамилеси, жоопкерчилиги каралып өтүлмөкчү. Мындан тышкары, жарандык коомдогу инсандын ролу, анын айлана-чөйрө менен болгон мамилеси жана анын жоопкерчилиги каралат. Мындай инсандар укуктук аң-сезимди өнүктүрүүнүн жогорку деңгээлинде гана калыптанары белгиленет, укуктук аң-сезимди калыптандыруунун механизми катары укуктук ой жүгүртүүнүн маанилүүлүгүгө баса белгиленет. Автор тарабынан жоопкерчилиги жогору адамдар жашаган жарандык коомду курууда пайда болгон кээ бир көйгөйлөр каралат: жарандык структуралардын алсыздыгы, саясий турмуштагы пассивдүүлүк, инсандын позицияларынын алсыздыгы. Укуктук аң-сезимди өнүктүрүү көйгөйлөрү менен катар автор аталган маселелерди чечүү жолдорун сунуштоого аракет кылган*

***Негизги сөздөр:*** *жарандык коом, укуктук мамлекет, инсан, принцип, эркиндик.*

*В статье рассматриваются вопросы построения гражданского общества как одного из сложных процессов. Автором сделан акцент на высокий уровень правосознания, который является одним из основных признаков формирования гражданского общества. Кроме того, будет рассмотрена роль личности в гражданском обществе, ее взаимоотношения с окружающей средой, и ее ответственность. Отмечается, что такие личности формируются только при высоком уровне развития правосознания, подчеркивается важность правового мышления как механизм формирования правосознания. Рассматриваются некоторые проблемы, которые возникают при построении гражданского общества, в котором живут люди с высокой ответственностью, к которым автором отнесены: слабость гражданских структур, пассивность в политической жизни, слабость позиций личности. Наряду с проблемами развития правосознания, автором предпринята попытка предложения путей для разрешения указанных проблем.*

***Ключевые слова:*** *гражданское общество, правовое государство, личность, принцип, свобода.*

*The article will consider the construction of civil society as a complex process, and will focus on a high level of legal awareness as one of the main signs of its formation. In addition, the role of the individual in civil society, its relationship with the environment, and its responsibility will be considered. It is noted that such personalities are formed only at a high level of development of legal consciousness, the importance of legal thinking as a mechanism for the formation of legal consciousness is emphasized. Some problems of building a civil society in which people with high responsibility live are considered, such as the weakness of civil structures, passivity in political life, and the weakness of individual positions. Along with them, problems and suggestions that need to be solved will be indicated.*

***Key words:*** *civil society, constitutional state, personality, principle, freedom.*

Өлкөбүз ар кандай кыйынчылык мезгилдерди баштан өткөрүп, коомдун бардык чөйрөсүндө өзгөрүү процесси жүрүүдө. Тандаган жаңылануу жолубуз, жетимиш жылдык калыптануулардан кескин айырмаланган, демократиялык багыт болгондуктан, тоскоолдуктарды жеңип өтүү татаал болууда. Азыркы учурдагы мамлекеттин алдында демократиянын жана жарандык коомдун институттарын өнүктүрүү жана бекемдөө менен эрктүү инсандардан куралган, эркин коомду куруу милдети турат. Мында бийликтик жана өз алдынча башкаруу институттары бири-бирине каршы болбостон өз ара биригишет. Мамлекет жана жарандык коом бирдей өлчөмдө жалпы улуттук кызыкчылыктарды көздөөгө жана адамдардын жашоо шартын жакшыртууну камсыз кылууга тийиш. Белгилеп кеткендей, негизги багыттардын бири катары эсептелген жарандык коомду куруу бир аз кечигүү менен ишке ашууда. Анткени, биздин оюбузча саясатта, экономикада реформалар байма-бай болгону менен аң-сезимде өзгөрүштөр акырындап жүргөндөй.

Макалада, жалпы маданиятка чоң таасир тийгизген, укуктук мамлекетке ылайыктуу жарандык коом жөнүндө, ошондой эле, аны куруу үчүн маанилүү фактор катары чыккан, коомдук аң-сезимдин бир бөлүгү болгон, өнүккөн укуктук аң-сезим жөнүндө сөз болмокчу.

Бүгүнкү күндөгү мамлекеттик реформалардын максаттарынын бири жарандык коомду куруу болуп саналарын эскертип өттүк. Бирок, мунун эмне экендигин жөнөкөй адамдардын дээрлик көпчүлүгү түшүнүшпөйт. Идея бар, айтылышы жакшы, бирок, калктын басымдуу бөлүгү бул жөнүндө маалыматсыз. Бул феномендин мааниси көп кырдуу, аны окумуштуулар

да түрдүүчө талкуулашат. Кандай болгон күндө да, укук аракетте болгон бардык эле мамлекеттер укуктук боло албаган сыяктуу, жарандардан турган ар кандай коом да жарандык боло албастыгы айкын. Мисалы совет доорунда эч качан укуктук мамлекет да, жарандык коом да болгон эмес жана мурдагы совет мамлекеттери бүгүнкү күндө ушул максатка жетүүнү жарыялашты.

Жарандык коомду негизинен бир нече белгилердин топтому түзөт [1]:

1. Адамдардын жана жарандардын укук, эркиндиктеринин реалдуу сакталуусу, кепилдикке алынуусу;

2. Мамлекеттин ишине жарандардын кайсы бир формада катыша алуу мүмкүнчүлүгү;

3. Өз кызыкчылыктарын мамлекеттин катышуусу менен же катышуусу жок ишке ашыруу жана коргоо мүмкүнчүлүгү.

Жарандык коомдо коомдук мамиленин жөнгө салуучу негизги механизм болуп түрдүү баалуулуктар чыгат. Алар: моралдык жана укуктук идеалдар, принциптер, нормалар. Ошондой эле, жарандарда калыптанган кадимки касиеттер – адамгерчилик, тартиптүүлүк, чынчылдык, ишенимди актоо, жоопкерчилик. Албетте мамлекеттин орду жок дегенге болбойт. Себеби, инсандардын, социалдык топтордун ортосундагы мамилелер анын жардамында курулат.

«Жарандык коом» термини илимий адабияттарда өзүнүн өзгөчө ордун тапты жана бүгүнкү күндөгү талкуулоолордо коомдун белгилүү бир тибин (абалын, мүнөзүн), анын социалдык-экономикалык, саясий жана укуктук чөйрөсүнүн, жетилгендиктин, өнүккөндүктүн деңгээлин чагылдырат. Башкача айтканда, бул кубулуш тарыхый тажрыйбалардын натыйжасында калыптанган белгилер мүнөздүү болгон коомду баяндайт. Бул коомдук өнүгүүнүн эң жогорку тепкичи болуп эсептелет.

Жарандык коомдун калыптануусу – бардык чөйрөдө индивиддердин активтүүлүгүн талап кылган, татаал процесс. Жарандар коом жана мамлекет менен болгон мамилесинде өз алдынчалуулукка ээ болуп, жалпы үчүн жана өзү үчүн пайдалуу ишмердүүлүк жасашат. Мамлекет тарабынан келтирилген ар кандай сунуштарды баалоо менен негизги аракеттенүүчү жакка айланат.

Демек, жарандык коом өзүнүн позициясы бар, инициатива көтөрө алган, тартиптүү, өз алдынча ишмердик жасаган, өзүнө жана мамлекетке талаптарды кое алуучу инсанды калыптандырат. Бул инсандар үй-бүлө, коллектив, коом алдында өзүнүн милдетерин чын көңүлдөн аткарат дегенди түшүндүрөт. Натыйжада, бардык чөйрөдө өз милдетине тыкан мамиле жасаган адистер, кесипкөйлөр болуп, өнүгүүгө жол ачылаары анык. Бул үчүн, советтик доордо калыптанган «корпаративдик» жарандык коом урагандан кийинки, аны алмаштыруучу жарандык коомду куруубуз зарыл.

Жогоруда белгилеп өткөн индивиддер жогорку деңгээлдеги коомдук аң-сезимге, ошондой эле укуктук маданиятка ээ болушат. Алар укуктук мамилеге толук катышат жана курчап турган чөйрөдөгү окуялар үчүн өзүн жоопкерчиликтүү сезет (башкаларга шылтап өзүн жоопкерчиликтен бошотпойт). Тескерисинче, ага берилген укук, эркиндикти пайдаланып, өзүнүн материалдык жана рухий муктаждыктарын канааттандырат.

Кандай гана өлкө болбосун, анын өзөчөлүгүнө карабастан жарандык коомго тиешелүү өзгөрүлгүс бир нече принциптер бар [2]:

- адамдын жана жарандын табигый укуктарын сөзсүз таануу жана коргоо;
- бийликтин демократиялык мүнөзү, саясий жана идеологиялык плюрализм, мыйзамдуулук;
- коомдогу класстар арасындагы тынчтык, өнөктөштүк жана улуттук ынтымак;
- сөз, басма сөз жана көз-караштын эркиндиги, жалпыга маалымдоо каражаттарынан көз карандысыздыгы;
- жарандардын жеке жашоосуна мамлекеттин кийлигишпөөсү, алардын өз ара милдеттүүлүгү жана жоопкерчилиги;
- инсандын татыктуу жашоо шартын камсыз кылуучу натыйжалуу социалдык жана укуктук саясат.

Аталган принциптер биздин коомубузда канчалык жүзөгө ашууда, бир сөз менен жооп берүү мүмкүн эмес. Анткени, өнүккөн өлкөлөр дагы бардык принциптердин ишке ашуусуна, идеалдуу жарандык коомдун, укуктук мамлекеттин курулуусуна жетише элек. Бирок, ар бир принципти ишке ашыруу үчүн канчалаган аракеттер жумшалаарын билүүбүз шарт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрында №39-жарлыгы менен бекитилген, «2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында «Кыргыз жараны» деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы» бекитилген. Анда, жалпы баалуулуктарды урматтоо, толеранттуулук, башкарууда жана чечим кабыл алууда баарына бирдей шарт түзүү, саясий институттарга жан бийлик органдарына ишенимди арттыруу сыяктуу беш багыт менен тапшырмалар каралган [3]. Булардын бардыгы жарандык коомдуу бекемдөөгө болгон аракеттер экендиги анык. Бул концепциянын жоболорун ишке ашыруу түздөн-түз укуктук аң-сезим менен байланыштуу болоору белгилүү.

Ар бир адам белгилүү бир укуктук аң-сезимге ээ. Жогору же төмөн, өнүккөн же жетилбеген, туура же бузулган, дегеле кандай экендигине караабастан ар бир инсанда кездешет. Негизгиси, жарандын укук жөнүндө толук компетенттүү болбосо да, өз пикири бар. Ушул жерде айта кетүү жөндүү: ар бир адам укукту «өз коңгуроосу менен кагат». Максат бардыгына керектүү, тийиштүү, бардыгынын каалоосундагы

укуктук аң-сезимди калыптандырууда турат. Укуктук аң-сезимдин калыптануусунун механизми болуп, ой жүгүртүүнүн бир формасы катары укуктук ой жүгүртүү эсептелинет. Жөнөкөй ой жүгүртүү төмөнкү учурларда укуктук ой жүгүртүүгө айланат:

А) укуктун мүмкүнчүлүгүн жана баалулуктарын пайдаланууга багытталган ой жүгүртүү болсо (мисалы: мыйзам жол берген шарттарда ишкердик жасоо жөнүндө ой);

Б) маселени чечүүдө укуктук каражаттарды колдонуну сунуштаган ой жүгүртүү болсо (мисалы: талаш-тартышты күч колдонуу менен эмес, мыйзам негизинде чечүү);

В) жалпы кабыл алынган эрежелерди сактоо менен чечимге келүүгө багытталган болсо (мисалы: автомобилди документтештирүүдө коррупциялык тез жолун издебестен, бардык укуктук аракеттерди өзү жасоосу жөнүндө ой).

Демек, кырдаалдан чыгуу жолдорун тандоодо ой жүгүртүү башталат. Ой жүгүртүүнүн натыйжасында укуктук кубулуштарга көз караштар калыптанат. Ал көз караштардын жыйындысында укукка болгон мамиле калыптанат. Акырында барып эле, жарандардын жок дегенде негизги мыйзамдын, маанилүү укуктук актылардын ченемдери жөнүндө маалыматы болуусуна, негизги укук-милдеттерин үстүртөн болсо да билүүсүнө такалат.

Укуктук аң-сезим негизги эки элементтен же жактан турат: идеология жана психология. Укуктук аң-сезим идеология катары, укуктук идеялардын, көз караштардын, теориялардын, ой-пикирлердин, доктриналардын системасын түзөт. Бул жалпысынан идеологиянын топтоочу түшүнүк катарындагы бөлүгү. Укуктук аң-сезимдин дагы бир өзгөчөлүгү, ал укукту анын бардык абалдарында жана көрүнүштөрүндө чагылдырат, ушунусу менен идеологиянын башка түрлөрүнөн айырмаланып турат. Албетте, идеялар адамдардын аң-сезимине, жашоо образына олуттуу таасир тийгизет. Укуктук аң-сезимдин экинчи жагы болгон психология – негизинен биринчисин камсыздап турат, ошондуктан, көбүнчө баштапкы, түпкү негиз катары каралат.

Коом, мамлекет жана жарандын өз-ара мамилеси окумуштуулар арасында көптөгөн талкууларды жараткан. Джон Локк "жеке эркиндикти жана тендикти, табигый менчик укугун камсыз кылуучу мыйзамдын үстөмдүгүн идеалдуу мамлекеттин негизи" деп эсептеген. Адамдар өз каалоосу боюнча жүрөт, эгерде ага мыйзам тыюу салбаса – бул укуктук мамлекеттеги адамдардын эркиндиги катары белгилеген. Албетте, демократиялык коомдо инсандын эркиндиги негизги баалулук. Маселе, ал эркиндикти кандай пайдалануу керектигинде. Ар дайым аракетте болгон, укуктарын пайдаланган активдүү жарандар болгон өлкөдө гана, жарандык коом курулат. Ал үчүн укуктук талаабыз ыңгайлуу түзүлгөн. Кыргыз Республикасында ар бир адам мыйзам тыюу салбаган аракеттерди жасоого укуктуу [4].

Учурда жарандык коомду толук курууда укуктук аң-сезим менен байланышкан төмөнкү көйгөйлөр бар:

- жарандык түзүмдөрдүн системалуулугунун жоктугу, жарандык түзүлүштөрдүн оперативдүүлүгүнүн төмөн деңгээли;
- структураланган, төмөндөн жогору карай келүүчү кызыкчылыктардын алсыздыгы, ачык позициянын жоктугу;
- жарандардын өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна катышуусунун пассивдүүлүгү [5];
- коомубуздагы ар кандай саясий, социалдык ж.б. чыңалуулардын болуусу;
- коомдук укуктук аң-сезим деформацияланып, ар кандай чөйрөдө анын катарында укуктук нигилизмдин кенен кулач жаюуусу.

Укукту туура, адекваттуу аңдап түшүнүү адамдын турмуш тиричилиги, жүрүш-турушу, юридикалык ой жүгүртүүсү, маданияты, атуулдук көз карашы (позициясы) үчүн эң чоң мааниге ээ. Укуктук мамилелерде такшалбаган киши адатта социалдык жактан пассивдүү, жеке кызыкчылыктардын тар дүйнөсүндө түнт келет. Өнүкпөгөн же бурмаланган укуктук аң-сезим көптөгөн укук бузууларды, коомго каршы аномалияларды алып келет.

Ошондой эле, укуктук аң-сезимдин деңгээли мыйзам чыгаруу деңгээли менен да аныкталаарын эске албай коюуга болбойт, анын векторлорунун бири кылмыштуулук менен күрөшүүгө багытталышы керек жана бул жерде кылмыштуулукка каршы күрөшүүнүн негизги факторлорунун бири, мыйзам чыгаруу бийлигинин сапаты экендигине макул болбоо кыйын, ошол эле учурда аны максималдуу түрдө баалоо жана практикада колдонуу жөндөмү маанилүү [6, 119-б.].

Кезегинде Ф. Энгельс – «улутту бөлүп-жаруунун эки жолу бар: күнөөсүздү жазалоо жана күнөөлүүнү жазалабоо» деп белгилеген. Тилекке каршы, бизде анысы да, мунусу да болуп келди. Жарандар, кылмыш болбогон жерде жазаны көрүп, жаза колдонулган жерде кылмыш жок экендигин көрсө, анда алардын укуктук аң-сезими чынында бурмаланып кетет, алар мыйзамдарга, бийликке, сот адилеттигине, адилеттүүлүккө таптакыр ишенишпей калышат.

Демек, аталган көйгөйлөрдү жеңүү менен өнүккөн укуктук аң-сезимге, жана өнүккөн укуктук маданиятка келебиз. Укуктук аң-сезими жогору инсандын укуктук маданиятынын мүнөздүү белгилери төмөнкүлөр:

- укуктук аң-сезими укук чөйөсүндөгү жаңылыктарды жетишерлик бат кабыл алуусу;
- мамлекеттеги аракетте болгон укуктук актыларды (жок дегенде турмушунда кез болуучу) билүүсү, мыйзамды билбөө аны бузгандык үчүн адамды жоопкерчиликтен бошотпогондугун билүүсү;

- ошол мыйзамдарды сактоо, аткаруу жана пайдалануу, анткени, юридикалык эрежелерди бир гана билүү күтүлгөн натыйжаны бере албайт, мыйзамды билүү-аны сактоо дегенди билдирбейт;

- мыйзамдардын, башка укук актыларынын коом үчүн зарылдыгына, пайдалуулугуна, максатка ылайыктуулугуна ынануу, алар менен ички макулдаштыкта болуу;

- өз укуктарын жана милдеттерин, эркиндиктерин жана жоопкерчиликтерин, өзүнүн коомдогу статусун, башка адамдар менен өз ара укуктук мамилелеринин нормаларын туура түшүнүү;

- укуктук жигердүүлүк, тагыраак айтканда, субъектинин укук бузууга жол бербестен, укук ченемдүү, демилгелүү иш-аракети; мыйзамдарга баш ийгендик; укуктук нигилизмге жол бербөө.

Жогоркуларды эске салуу менен бир негизги тастыктоого келебиз: белгилүү деңгээлде өнүккөн укуктук аң-сезимсиз жарандык коом менен укуктук мамлекетти куруу процесси мүмкүн эмес. Укуктук баалуулуктарга сый мамиле болгондо гана аталган коомду курууга шарт жаралат. Укуктук аң-сезим бир гана укуктук системанын ой-жүгүртүүлөрдө чагылдырылышы, бааланышы эмес, бардык укуктук касиетке ээ болгон кубулуштар менен байланыштуу. Атап алсак, укукка, мыйзамга, укук коргогон социалдык баалууластарга, сот адилеттигине, юридикалык практикага, укук ченемдүү же укукка каршы жүрүм-турумга, жалпы эле укуктук тартипке болгон мамилени камтыйт.

**Адабияттар:**


1. http://cyberleninka.ru/article/n/pravosoznaniyavformirovaniya-grazhdanskogo-obschestva.
2. Матузов Н.И., Малько А.В. Теория государства и права: Учебник. - М.: Юристъ, 2004. - С. 56.
3. КР Президентинин 13.11.2020. №39-жарлыгы менен бекитилген «2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы» (КР Президентинин 15.05.2023. №124-жарлыгынын ред. ылайык).
4. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 53-берене, 2-п. - Б., 05.05.2021.
5. Тогусаков О.А. Социокультурные условия становления гражданского общества в Кыргызстане / О.А. Тогусаков, Азамат уулу Жанышбек. // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2017. – 12. – С. 82-85.
6. Абдукаримова Н.Э. Юридическая конструкция в уголовном праве / Н.Э. Абдукаримова, Н.Э. Шайлыбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2018 № 8. – С. 119-120.